# ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

(Атайын чыгарылыш)



# ВЕСТНИК ЖАЛАЛ-АБАДСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

(Специальный выпуск)

95

2018

№2 (37)

25

УДК 897/4.373-947

# АТ ОЮНДАРЫНЫН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (КОШОК, ЖОКТОО ЫРЛАРЫ Ж.Б.)
# ОТРАЖЕНИЕ КОННЫХ ИГР В УСТНОМ ТВОРЧЕСТВЕ
# REFLEKTION EQUESTRIAN GAMES IN FUNERAL HYMNS

***Айдаркулов К.А. – тарых и.к., ЖАМУ***
***Анарбекова В.Э. – тарых.и.к., окутуучу, ЖАМУ***

***Аннотация:*** *Макалада көчмөн кыргыз элиндеги ат оюндарынын кошок ырларында чагылдырылышы тууралуу тарыхый анализ берилет.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается факты, отражающие конные игры в поминальных песнопениях – кошоках и дается им исторический анализ.*

***Annotation:*** *In the article the examines the facts reflecting the equestrian games in funeral hymns – koshokah and gives them their historical analisis.*

***Ачкыч сөздөр:*** *эпос, кошок, тулпар, ат чабыш, күлүк.*

***Ключевые слова:*** *эпос, кошок, тулпар, конь.*

***Key words:*** *epic, koshok, tulpar, at chabysh, kuluk .*

Адам жана ат бул эки түшүнүк те байыртадан бери эле биринен-бирин бөлүп алгыс бир бүтүн нерсе катары каралып келген. Айрыкча, көчмөнчүлүк жана жоокерчилик менен жашап келген элдерде ат өзгөчө сый - урматка ээ болгон. Ошондуктан элибизде «Ат, аттан кийин жат» деген сөз калган. Өзү ачка болсо да атына жем, чөп берип, атын тойгузган, сууткан, ар кандай кол салууларга, каршы турууга даяр болушкан. Байыркы жоокерчилик замандарда (түрктөр доорунда VI-VIII кк.) белгилүү жоокер жоо башчысы, эл башчысы көз жумуп, сөөгү жерге коюлганда, анын минген аты да өлтүрүлүп мүрзөгө бирге, чогуу коюлган [1]. Жоокерге кийим кечеси анын денеси менен бирге мүрзөгө коюлгандай, жоокердин аты да жана ага таандык болгон ат жабдыктары менен толук бойдон бейитке коюлган. Мындай салт жоокердин минген атына болгон эң жогорку сый-урмат катары бааланган. Эң негизгиси жоокер тигил дүйнөдө да эч нерседен кемибесин, анын минген аты да болсун деген түшүнүктөгү улуу камкордук болуп эсептелинген.

Түрк руна сымал жазма эстеликтеринде тулпарлардын өңү түсүнө маани берилген. Мисалы, уруу же аскер башчыларына көбүнчө ак түстөгү аттарды ыйгарышкан. Алар алыстан эле таанымал болгон. Анткени, ким экенин, кайсы уруунун башчысы экенин билүү мүмкүн болгон. Өткөн доорлордо адамдар жерге, күнгө, сууга сыйынышып, бирдей өңдөгү кызыл түстөгү сары күрөң аттарды курмандыкка чалышкан. Ал эми жергиликтүү тоолордун жана кең тайганын ээлери (кудайлары) үчүн атайын ачык сары өңдөгү жылкыны, телеуттардын тонгул уруусунда ак чокулуу улуу тоонун ээси үчүн да саргыл торгул жылкыларын же бизче боз бээни курмандыкка чалышкан. Уруу чабышкан мезгилде хуннуларда элдешүүнүн белгиси катары бири-бирине “ак түстөгү” аттарды тартуу кылышкан. Ак түстөгү жылкыны союп, анын канын кымызга аралаштырып, 2 уруунун элинин өкүлдөрү бирдей ууртташкан [2. 166-167-170]. Бул элдешүүнүн белгиси болгон. Мындай көрүнүштөр алтай элинде, кыргыздарда да кездешет. Мисалы, ак түстөгү атты бири-бирине тартуу кылбаса да, күлүк тулпарларды ыйгаруу жарашуунун жөрөлгөсү болгон.

«Ат адамдын канаты», «Алдыңда атың болбосо, минсе чатың толбосо, айылга барып не пайда?» «Алыска сапар жол жүрсөң, аземдүү жорго ат жакшы»; «Эрге кезек

келгенде - экиден күлүк ат байлайт»; «Алыска сапар жол жүрсөң, алчактаган ат жакшы», - делип, улуу эпосторунан, эө майда нуска, жаңылмач, макал-лакаптарына чейин бул эки нерсеге (ат, камчыга) байланышкан түшүнүктөр арбын. Булардын баары кошок жанрында колдонулат. Мисалы:

Күүлөнтүп күлүк бактырган,
Күүлөнгөн күлүк атына.
Күмүштөн тумар тактырган [3. 60]

Кыргыз элинин байыркы замандагы жоокерчилик турмушун, кубанычы менен кайгысын, ашы менен тоюн, үрп-адат, шаан-шөөкөтүн, медициналык жана диний көз карашын, ата журтунун географиялык жана эл аралык абалын, элдик оозеки чыгармачылыкта жана тарыхта терең чагылдырылган.

Балдарды 4-5 жашка келгенде эле айырмачка таңып, атка мингизип, толтурмачтап жетелеп үйрөтүшкөн. 7 жашка келгенде аттын кулагы менен тең ойногон. Ал эми мындай нерседен кыздар да куру калган эмес. Алар да жаш кезинен эле атка мингенге үйрөтүлгөн.

«Тулпар тушунда, күлүк күнүндө, ат, аттан кийин жат» деген макалдар төгүн жерден айтылбаса керек. Өзүнүн көчмөндүү турмушунда жана жоокерчилик заманда тулпарларды жоого минишкен жана алардын ролунун чоң болгондугун танууга болбойт.

Б.з.ч. I миң жылдыктын акыры б.з. I миң жылдыгынын I-жарымында Фергана өрөөнүндө өкүм сүргөн Дабан мамлекети асыл тукум жылкылары менен даңазаланганы тарых барактарында белгилүү. Байыркы Кытай тарыхый жылнаамаларында «Дабан аргымактары жылкылардын асман тукумунан жаралган, алардан кызгылт тер чыгат” деп айтылат. Аска беттерине түшүрүлгөн сүрөттөрдөн дабандыктар жылкыга табынганы да байкалат [4.160].

Эпостордо айтылгандай баатырлардын өмүрү алардын минген тулпарлары менен тыгыз байланышта болгон. Мисалы, Эр Төштүк баатырдын минип жүргөн Чалкуйругу аны бир нече жолу өлүмдөн аман сактап калган. Манас баатырдын Аккуласы Манас төрөлгөн күнү кара жалдуу кула бээден туулат да, өмүр бою баатырга кызмат кылат.

Астындагы Аккула,
Жаа огундай кыркырап.
Туягы тийген таштарга,
Туш-тушуна быркырап.
Туурадан учкан майда таш,
Түндүк бою чыркырап [5. 208].

“Чоң казатта” Аккула окко учары менен Манастын шаштысы кетип, шайы оойт. Алманбет окко учканда, сөөгүн сарала тулпарына жүктөп койсо ал бир-нече күнү суу ичпей, чөп чалбай жүрүп отуруп, Алмамбеттин сөөгүн аман-эсен Таласка жеткизет. Чоң казатта Чубака ок жагылып, астындагы көк тулпары Чубактын сөөгүн душманга бербей, ала качкан бойдон кетет [6. 9]. Калмактар менен болгон согушта Тейитбек Телтору тулпарын уулу Курманбекке бербей коюп, минген аты баспай калып, согушта калмактардын колунан каза болгондугу эпикалык чыгармаларда жакшы сүрөттөлөт. Ошондуктан,

Така туякты сактайт,
Туяк тулпарды сактайт
Тулпар эрди сактайт

Эр элди сактайт – деп бекеринен айтылбаса керек. Ал эми бүгүнкү күндө да эл арасында кайтыш болгон адамга карата жоктоолордо да -

Аргымак күлүк дедиртип.
Аргымак, айдап байге алдырган,

Кара Ойдун гана башын тостурган,
Кара сан күлүк коштурган
Калайык калктан башкага,
Кадыр баркын арттырган [7]
Алтындан гана күрөк күрөгөн,
Бай атам, айда эле күлүк сүрөгөн.
Күмүштөн гана күрөк күрөгөн,
Менин болгонум атам,
Кундө эле күлүк сүрөгөн [8]

***Чоң Ормон өлгөндөгү кошокто да***

Күдүргө чыга жайладың,
Күлбүртүп күлүк байладың,
Күлбүрткөн күлүк закымбы,
Тескейге чыга жайладың.
Телбиртип күлүк байладың [9.257] - деген ушул сыяктуу саптарды жолуктурууга болот.

Ат чыбыш бул байыркы, эл арасына кеңири таралган спорттун түрү. Ат чабышка адатта узак аралыкка жүгүргөн күлүк жана чаалыкпас аттарды тандап алышат. Тажрыйбалуу саяпкерлер күлүктү а дегенде тай чабышка, анан кунан чабышка салышат. Бышты болгондон баштап чоң мелдештерге алып чыгат. Мурда ат чабыш ар кандай себептерге, өзгөчө той же аштын урматы үчүн уюштурулчу. Мөөрөйгө кымбат баалуу буюмдар, мал сайылчу. Ат чыбышка жылкылардын ар кыл тукумундагы, ар кандай жаштагылары катыша берчү. Ар бир саяпкер күлүгүн өз алдынча таптаган. Күлүктүн сымбаты, кан тамырлары, дем алуусу, жүрүшү боюнча анын жаңылбастан айтып берген сынчылар болушкан [10.7]

Күлүгү чыгып байге алган,
Атама күрдөөлдү бир эл таң калган.
Атакемдин жайдагы чыгып жамбы алган,
Атакеме жалпы бир эл таң калган [11. 66]

Элибизде "Ат чабышка" катарлаш эле "жорго салыш" ат оюндары да жанаша өнүккөн. Жылкынын жоргосуна карата; чапма жорго, төкмө жорго, урма жорго, кой жорго, жол жорго, - деп бир нече түргө бөлүшөт. Жорголордун бул түрүнүн ичинен чапма жорго менен төкмө жорголорду кыргыздар өтө жогору баалашкан да жорго салыш сыяктуу спорттук тамашаларга ушул эки түрүн калтырышкан. Урма жорго, кой жорго жана жол жорголорго анчалык баа беришкен эмес, кайсы бир убакта жоргонун бул акыркы үч түрүн

Жылкы жаманы жорго болот,
Киши жаманы молдо болот [12] -

деп адамдык сапаты төмөн, арымы жок кишилерге карата колдонгон. Жорго тууралуу «Манас» эпосундагы Бакайдын Бозжоргосу, Жаңыл Мырзанын Шырдакбектин Бозжоргосун минип качканы маалым. Ал эми эл арасында айтылып жүргөн кошок ырларынын да жоргону сыпаттаганын жолуктурууга болот.

Үзөңгүсү коргошун,
Бай атам, үзбөй минген жоргосун.
Басмайылы коргошун,
Бай атам, башынан минген жоргосун.
Жоргону көрсө кайтпаган,
Жортокко бутун артпаган.
Аргымак көрсө кайтпаган [13]

Катыранкы эле, булак башына,
Карагер кулун байлаган.
Карагер гана кулун энесин,
Кара эле жорго минип айдаган.
Долоно эле, булак башына,
Торала эле, кулун байлаган.
Торала эле, кулун энесин,

Болгонум атам тору жорго минип
айдаган [14]

- мында маркумдун тирүү мезгилинде саяпкерлик менен алектенгендиг, жылкы баласын тандап мингендиги жөнүндө баяндоодо.

“Сайыш” же болбосо “эр сайыш” кыргыз элинин өтө эле байыркы жоокерчилик замандагы оюндарынын бири. Эр сайыш тууралуу далилдүү тарых барактарына кайрылсак: Ормон хан Ниязбек уулу (1791-1854) Түндүк Кыргызстанды бириктирүүгө аракеттенген сарыбагыш уруусунун чоң манабы. [15. 313]. Ормон хан бугу уруусуна айылынан бир байтал аягы менен жоголуп кетти деп, доо коюп, бирок бугулар албаганын ынандыра албай койгондон кийин, Ормонду бугудагы Алыбек баатыр туткундап, аягында Ормон каза табат. Хандын кунун кууп сарбагыштар төмөндөгүдөй шарттарды коет.

- Ормондун каны үчүн Боромбай, Балбай, Тилекмат, Мурза - төртөөнү кармап бериңдер, мууздайбыз;
- Же болбосо бугудан тандап туруп эң мыкты, сулуусунан бир жүз кыз бериңер, жүз карабоз ат мингизип, бир жыл алып жүрүп, бир жылдан соң кайра беребиз;
- Болбосо Ысык-Көлдүн күңгөй тескейи менен бошотуп бериңер дагы өзүңөр Текеске, Калмакка кирип кеткиле. Мына ушул үчөөнүн кай бир жеңилин кылып бергиле, үч күнгө чейин; - дейт.

Бул шарттар адам чыдап тура алгыс болгондуктан «сарыбагыш билгенин кылсын» дешип тарап кетишкен [16. 41]

Ушуну менен бугунун биринчи чабуулу башталып, сарыбагыш колу каптайт. Көп жолу бугу уруусун сайып кирээрдин алдында кеңеш кылышып, бугунун четинен бир бечараны кармап келишип мууздап, туусун кандап алып, артынан сүрө түшүшөт.

Бул чабуулда адегенде жекеге чыгышып эр сайыш болот, жекесин Адыл ыргыта сайып, жоо качтылап качырышканда аламан каптап, нечен киши өлтүрүп, казан-аяк кайчы тулгаларын кыйратып, күлүн сапыра кууп, мал, дүнүйө мүлктөрү, кыз келиндери таланып, колго түшүп, кан жүрүп кетти [17. 28-29]

Өткөн доорлордо эр сайыш эки уруунун же элдин каршылашуусунда бирден эр жүрөк баатырлар жекеге чыгып кармашкан. Катардагы аскерлер ураан чакырып турган. Ал эми убакыттын өтүшү менен эр сайыш да улам жаңыланып олтуруп, чоң аш-тойлордо оюн-зоок катары пайдаланыла баштаган. Сайыш бай-манаптар атакка, даңкка ээ болуу, көңүл ачуу, тамаша кылуу катарында эсептелсе, сайышка түшүп, майып болгон кедей-кембагалдардын үй бүлөсү, урук туугандары үчүн муң-кайгы болгон.

Улуу акын Токтогул Сатылганов сайыштын эмгекчил эл үчүн зыяндуу оюн экендиги жөнүндө мындай деп ырдаган:

Эки жаш толмоч балаңды, эрегишке көкүткөн,
Карагай найза карматып, бирине-бирин өлтүрткөн.
Өлгөндүн куну көп болсо, бир жүз элүү теңгедир.
Көз көрүнөө өлтүрткөн, манабың менен жерге кир [18. 58]
Эри сайыштан өлгөн аялдын кошогунда да -
Эңкейиште эр сайган,
Экини катар бир сайган.
Элинен чыгып башынан,
Эрен болуп байге алган.
Эчкирип күндө ыйладым,
Эч кимде болбос бул арман.
Эринен минтип айрылып,

Мен эмеспи үн салган.
Тоңкоюшта эр сайып,
Тогузду катар бир сайган.
Тобунан чыгып аталып,
Алакан жайып бата алган [19. 253] деген жоктоодо да мындый окуянын аягы жамандык менен бүтүп, аянычтуу тагдырга туш болгонун сүрөттөөдө.

Сайыштын эрежеси боюнча башка, бетке, моюнга, ичке, табарсыкка, колго саюуга уруксат жок. Анын негизги максаты, атаандашын төшкө сайып ат үстүнөн кулатыш керек болсо да, эрегишкен баатырлар бирин-бири кокого сайып, өлтүрүү, бирин-бири майып кылуу же экөө тең майып болуу натыйжасы менен аяктаган.

Сайышка чыгаар алдында ырчылар мындай деп жар чакырышкан:

Ат жакшысын мингизип,
Аколпог соот кийгизип.
Алманбеттей айбаттуу,
Кан Кошойдой кайраттуу,
Бет алган жерден чураткан,
Мерт кылып жоону сулаткан.
Көз ирмебей, түз сайган,
Көкөтөйдүн ашында,
Көк жал Манас баатырдай,
Көмөлөтө бир сайган.
Баатырың болсо топко сал,
Эр сайып берсе байгеңди ал [20. 156]

Жарчылар ушинтип ырдап, жар салып турган кезде, төө баштаган бир тогуз жылкыны элдин ортосуна алып келип, эки-үч киши кармап турушчу экен.

Сайышка чыккандар бирин-бири атынан кулата саймайынча сайыша беришкен. Бакан сынса дароо бере коюу үчүн, эки-үч бакандарды камдап турган. Ал эми анын атаандашы болсо, ага жаңы бакан алып келгенче жетип келип, аны сайып кетүүгө аракет кылган. Сайышка эр жүрөк, күчтүү жана шамдагай адамдар түшкөн. Сайышта мөөрөй алган кишилердин даңкы алыска кеткен. Бизге белгилүү сайышка түшкөн кишилердин тарыхына көз салсак, сайышка бай-манаптын балдары түшкөн эмес.

Өткөн доорлордо сайышка жеке эле эркектер түшпөй, аялдар да катышып, эркектер менен сайышкан учур болгон.

Каткалаңдын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы – дейт Сагымбай манасчы.

Ошол баатыр кыз Сайкал менен жаш кезинде Манас бир тойдо сайышка түшүп, кыз Сайкал Манасты атынан оодара саймакчы болгондо Чубак капталынан чаап барып: «Койгула эми чарчадыңар» - деп, ажыратып кеткен экен. Ошол ата салтын кууп, сайышка кээде эр жүрөк, балбан жана шамдагай аялдарда катышкан, бирок аялдардын байгеси эркектердикинен аз болгон [21. 135-136].

Жамбы атуу-кыргыз элинин эң байыркы замандан берки келе жаткан улуттук оюну. Бизге белгилүү оозеки чыгармаларга караганда, жана Актан Тыныбековдун Кыргызстан илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган кол жазмасында жамбы атмайдын жалпы схемасы мындай;

Он метрче узундуктагы карагайга бир шыргыйды улап, башына туура бир кулачтай жыгач тал байлап, ал жыгачтын боорун 10-15жерден көзөйт, бирок, кийизге таш же жылкынын тезегин салат да тиги туура жыгачтын боорлорундагы көзөнөктөргө байлап

коет. Танаптар жылкынын куйругунун 5-6 талы менен байланат. Атканда ошол танап кылдары гана атыш керек. Бирок, жамбынын өзүнө ок тийсе, кылдарды үзүп кетет.

Эгер таш же жылкынын тезегинин ордуна кийиз баштыктын ичине чыныгы жамбы салынса, боорундагы көзөнөктөрдүн саны көбүрөөк болуш керек. Эгер, жамбынын өзүнө тийип, кылдары үзүлүп кетип, жамбы жерге түшсө, - жамбыны ыргыта атканга эсеп болот [22.56-57]

Жамбы бул күмүштүн же бодбосо башка бир асыл заттын мөрөйгө берилүүчү кичине уютмасы, аны жипке байлап узун шыргыйга илип саландатып байлап асып коет. Оюндун шарты боюнча ат минип турган киши жипти атып кичине уютманы жерге түшүрүү керек. Бул кыргыз элинин илгертен бери кеңири таралган спорттук оюну. Мурда жаа менен атышса, кийин-кийин мылтык колдонулуучу болду [23.11].

Айрым аш тойлордо жамбы ата турган жигиттерге бул оюнду татаалдаштырыш үчүн жаанын жебелерин жерге тийгизип коюшкан да, жамбыны ата турган жигиттер ат чаап келе жатып жерде жаткан жебелерди катары менен эңип алып анан илинип турган жамбыны ыргыта атыш керек болгон. Маселен, жерге ташталган үч жебенин бирөөсүн эңип кеткен жигит, жамбыны бир эле жолу атууга укуктуу. Ал эми үч жебени тең эңип кеткен жигит үч жолу атканга укуктуу болгон. Албетте, үч жолу аткан жигит артыкчылыкка ээ болоору белгилүү [24]

Бул оюнга көбүнчө “Ак каңкы” типтеги ээрлерди пайдаланышат. Анткени, ээрдин алды жагы бир аз алга эңкейиш жасалган, анчалык кенен эмес каптал жактары бирдей үч бурчтук түрүндө, ээрдин кашы тегерек. Ээрдин кашынын учу бир аз төмөн ийилген. Арт жагы бир аз өйдө, кенен жарым тегерек, отуруучу жери улам артка тарктан сайын кенен. Мындай типтеги ээр Суусамыр өрөөнүндөгү, ошондой эле Кетмен-Төбө ойдуңундагы кыргыздарда, өзгөчө саяк уруусунда кеңири таралган. Ошондуктан, адабиятта мындай ээрлер “саяк ээр” деп аталып жүрөт. Ал кокусунан минтип аталып калбаса керек. Мындай ээрлерди саяк уруусундагы усталар чабышкан, ошентип, алардын атынан аталып калган көрүнөт. Кетмен-Төбө ойдунундагы кыргыздар мындай ээрди “көк баш ээр” дешет, анткени, ал ээрлердин кашы көк түстө боёлот. Ак каңкы ээр “Манас” эпосунда да көп айтылат [25.2]

Ошентип, жамбы оюнунда бүгүнкү күндө эл арасында ойнолуп жүргөн тыйын эңмейдин элементтеринин кирип кеткенин да байкоого болот.

Тыйын эңмейге албетте, кашы бийик ээрден көрө, кашы жапыз ээр ыңгайлуу болот. Анткени, андай ээрден жерден тыйынды эңкейип алыш анчалык кыйын эмес.

Бул тууралуу - Кайниси өлгөн жеңенин кошогунда:

Булгаары ээр каптаган,
Кашына чегер essентактырган.
Кайран уста кылганын,
Калкынын баары жактырган [26.521] - деп атка ыңгайлуу ээрди жасаган устанын кол өнөрчүлүгүн айтууда.

Демек, жамбы атууда ат үстүнөн мылтык атууну өркүндөтө алышкандыгына толук ишенүүгө болот. Анткени, кыргыздар ат мингенди гана жакшы билбестен, мылтык атканды да жакшы билген көзгө атаар мерген эл. Кантсе дагы кыргыз элинин ат оюндары жигиттерди шамдагайлыкка, баатырлыкка өз жергесин көз ирмебей коргоого даяр болуучу патриоттуулукка үйрөткөн мыкты мектептерден болуп келген.

“Оодарыш” же “эңиш” да эл арасынан көп кезиге турган оюндардын бир түрү. Кыргыз жергесинде оодарышсыз өткөн той-тамашалар чанда кезигет. Оодарышка балбан, шамдагай жана ат үстүнө мыкты жигиттер түшөт. Оюнга мингенге көрүнгөн эле аттар жарай бербейт. Минилчү аттар атырылган өкүм жана күчтүү жылкылар болуш керек. Кээ

бир аттар күлүк, күчтүү болгону менен жалтаң келет да камчы салмайынча кыймылдабай тура берет. Андай аттар атырылып турган өкүм аттарга алдырып коет. Оодарышка көп минилип, машыгып калган аттар дурус болот [27.89]. Тарыхта кыргыз элинде балбандыгы менен таанылган Кожомкул Каба уулу (1888-1953) эңиште мөөрөйдү өмүр бою эч кимге бербегендиги белгилүү.

Жусуп Мамайдын "Семетей" эпосунда кыргыз жана жалпы түрк маданиятында алгач көчмөн урууларынан байырланган баатырдык «оодарыш» спорту абдан кызыктуу берилген.

Түрк элдеринин фольклордук булактары аркылуу бул баатырдык мелдеш согуш майданында жоокерлер найза, кылыч, айбалта, күрсү менен чабышып, алар жарактан чыккандан кийин аргасыздан кол менен жыланач кармашууга өткөндөн келип чыкканын билебиз. Ошол себептен көчмөн сактар, кыргыздар, түрк уруулары ат үстүндө кармашты баалуу аскер прикладдык каражат катары колдонушкан. Буга далил катары анын эпикалык жанрда чагылдырылышынан баамдасак болот. Жусуп Мамайдын «Семетей» дастанында чоң уруштун башында баатырлар кармашын алыстан найза сайыштан баштап, жакындап келип, кылыч-айбалта менен чабышышат. Баатырлардын найзалары калканга урунуп, бычырап сынат, кылыч зоотко тийип мокойт, айбалта болсо колдон тайып түшөт. Акыры келип баатырлар ат үстүндөгү эңишке өтүшөт. Мисалы, Эр Толтой менен Гүлчоронун кармашы;

Күнү-түнү дем албай,
Оодарышып жанашып.
Жакасынан кармашып,
Барлык күчүн жумшашып.
Баатырлар уруш салыптыр,
Жанаша атын бурушуп.
Тарткылашып тартышып,
Колдорунан чоюшуп.
Аянбастан эңишип [28. 296] - демек, Жусуп Мамайдын "Семетей"

дастаны аркылуу «оодарыш» же "эңиш" оюуну жалгыз кыргыздарга гана эмес, жалпы түрк элдерине таандык деген жыйынтыкка келсек болот.

Улак тартыш да байыркы оюндардын бири жана эл арасына өтө кеңири таралган. "Улак тартыш", "көк бөрү тартыш", "торпок тартыш" деп үч түрдүү айтылат. Өткөн доорлордо кыргыздар тоо араларында жашагандыктан алардын малдарына бөрүлөр тийип, тынчтык берчү эмес. Ошондон улам "көк бөрү" деп аталып калган деген ойлор айтылат. Анткени, малчыларда мылтыктары жок кезде карышкырларды жоюу анчалык оңойго турган эмес. Эр жигиттер күлүк аттарга минип, карышкырды куугунтукка алышчу. Анан союл, камчы менен чапкылап жатышып өлтүрүшкөндөн кийин ат үстүндө биринен бири сала тартышып кетишчү экен. Кийинчерээк эл отурукташа баштагандан тартып "көк бөрү" "улак тартыш" менен алмашып, улуттук оюнга айланган.

Мында жигиттердин күчү, шамдагайлыгы жана атка чыйрактыгы сыналса, улакка минилген аттардын күчү жана күлүктүгү да сыналат. Тартууга берилген улактардын оордугу ар түрдүү болуп, 20-30-40 кг чейин жетет. Ал эми кыргыздын түштүгүндө улактын ордуна бир жашка чейинки музоо-торпокторду тартышат. Андай учурларда торпоктун оордугу 70 кг кем болбойт. Улак тартышка бериле турган торпоктун ичеги-карды алынып ташталат да, кан-сөөлү кетсин үчүн жана жүнү жулунбас үчүн ал бир нече саат сууга байланат.

Мисалы, Бакай Семетейге кайрылып атасы Манас жөнүндө:

Кымызга бээни байлатып,

Эңишке эрди шайлатып.
Тамаша кылып жатуучу,
Көк-бөрү тартып, ордо атып.
Эки жүз киши аттанса,
Эки жүз киши түшүүчү [28.104] - деген саптардан улам кыргыздар байыртадан эле спортко, оюн-зоокко жакын экенин жана ардактап келгенин билсек болот.

Жылкыларды жалаң гана жоокердик иштерге, ат оюндарына пайдаланбастан күнүмдүк турмуш-тиричиликте дагы пайдаланышып, коомдо зор кыймылдаткыч күчкө ээ болгон. Мисалы, этин тамак ашка, сүтүнөн улуттук суусундуктарды да жасашкан. Алар тууралуу кайынсиңдисинин жеңесине кошкон кошогунда:

Кара кыр чыга жайлаган,
Кайраным жеңем.
Карала бээ байлаган,
Карала бээ кымызын.
Балдары ичкен эркелеп,
Сары - Камыш чыга жайлаган.
Сарала бээ байлаган,
Сарала бээ кымызын.
Кыздары ичкен эркелеп [29]

– деп, кошокчу аялзатынын да жылкы баласына жакындыгы жана уул-кыздары үчүн улуттук суусундук катары кымыз жасагандыгы баяндалууда.

Демек, эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, сабатсыз болгондугуна карабай, калың калктын башынан өткөргөн өмүрдүн элесин унутулгус кылып, оюн өнөрүндө калтырып, келечек урпактарына белек катары сактап келген. Кылымдар аралап ойнолуп келе жаткан кыргыз элинин оюндарынын негизинде кыргыздын салттык оюндары жаралды. Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша жамбы атмай, оодарыш, улак тартыш, жорго салыш, ат чабыш ж.б. ат оюндары пайда болгон.

Негизинен ал оюндарда элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндикке, теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Элдин мыкты үлгүлөрү, элдик терең тарыхый- философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат жана алар оозеки чыгармачылыкта кеңири белгилүү болгондугу информатордордун кошок, жоктоо ырлары аркылуу дилилденди.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Асанканов А, Ож. Осмонов. Кыргызстан тарыхы. – Бишкек, 2004
2. Потапов Л.П. Конь в верованиях и эпоса народов Саяно-Алтая. // Фольклор и этнография. - Л.: Наука, 1977.
3. Кошоктор. «Эл адабият сериясы». 21 том. Бишкек,1998. Инв.// 575 (5213).
4. Кыргыз тарыхы,Энциклопедия. Бишкек, 2003.
5. Манас. 1 бөлүм, 2-китепче. Фрунзе, 1959.
6. Бектенов З, Мусин Ю. Кыргыздын элдик оюндары. Фрунзе, 1978.
7. Информатор Кадырматова Касиет. Аксы району, Ак-Суу айылы, 2003-ж.
8. Информатор Сопукулова Насибү. Аксы району, Кызыл-Жар айылы, 2003-ж.
9. Кошоктор. «Эл адабияты» сериясы. Том 21. Бишкек,1998.
10. Кыргызстандын тулпарлары. Фрунзе, 1980.
11. Кошоктор. «Эл адабияты» сериясы. Том 21. Бишкек, 1998, 66-б.// Инв. 618 (5256)
12. Макал-лакаптар. Бишкек, 1996.

13. Информатор Дунгулова Алмакан. Аксы району, Чие айылы, 2004-ж.
14. Информатор Сопукулова Насибү. Аксы району, Кызыл-Жар айылы, 2003-ж.
15. Кыргыз тарыхы, Энциклопедиясы. Бишкек, 2003.
16. Жусупов К. Кыргыздар. Бишкек, 1991.
17. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2 китеп. Бишкек, 1993
18. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. 2-том. Фрунзе, 1968.
19. Кошоктор. «Эл адабияты» сериясы. Том 21. Бишкек,1998, 253-б.// Инв. 559 (5197).
20. Манас. 1 бөлүм. 2-китепче. Фрунзе, 1959.
21. Бектенов З, Мусин Ю. Кыргыздын элдик оюндары. Фрунзе,1978
22. Анаркулов Х. Кыргыз эл оюндары. Бишкек, 1991.
23. Кыргызстандын тулпарлары. Фрунзе, 1980.
24. Эркин тоо газета. №64. 2014, 12-август.
25. Сулайманов Э. Кыргыздардын ат жабдыктары – элдик маданияттын эстелиги (методикалык рекомендация). Фрунзе, 1988.
26. Жсупов К. Кыргыздар. 4-том. Бишкек.: "Кыргызстан" сорос фонду.1997.
27. Бектенов З, Мусин Ю. Кыргыздын элдик оюндары. Фрунзе, 1978.
28. Жусуп Мамай. Семетей; эпос, 1-китеп. түз жана баш сөзүн жазган К. Кырбашев, сүрөтчүсү Р. Исаков. Кыргыз улуттук И.А.- Бишкек.:Шам, 1995.
29. Информатор Дунгулова Алмакан. Аксы району, Чие айылы, 2004-ж.